БЕКИТИЛДИ
2022-жылдын 16-май
№143/1 буйругу менен

# Өзүн – өзү баалоо боюнча отчёт

№35 Шамшидин Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби - мекемеси
(билим берүү уюмунун толук аталышы)

## ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

Мазмуну

- билим берүү уюмунун дареги, жетекчинин аты-жөнү, телефон номерлери, e-mail.

- арыз

- токтом

- буйрук

- билим берүү уюмунун тарыхы

- билим берүү уюмунун күбөлүгү (көчүрмөсү)

- билим берүү уюмунун аккредитациядан өткөндүгү жөнүндө сертификаты (көчүрмөсү)

- билим берүүнүн уюмунун миссиясы

- минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

1) Билим берүүнүн программасынын мазмуну жана окуу-методикалык камсыздалышы

2) Компетенттүү окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо

3) Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү

4) Материалдык-техникалык база

## 1.Билим берүү уюму жөнүндө маалымат.

| | |
|---|---|
| 1.1 Билим берүү уюмунун аталышы | №35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби - мекемеси |
| 1.2 Дареги | Ноокен району, Шайдан айыл аймагы, Жаңы- Арык айылы, Ш.Суеркулов көчөсү №1 |
| 1.3 Билим берүү уюмунун жетекчисинин аты-жөнү, байланыш телефону | Парпиев Илязбек Кубанычбекович<br>+996 779 629 147<br>+996 704 094 602 |
| 1.4 Камкордук кеңешинин жана ата-энелер комитетинин жетекчисинин аты-жөнү, байланыш телефондору | Маматова Алтынай<br>+996 709 657 457<br>Абдразаков Улук<br>+996 551 499 577 |

1.5. **Менчиктин түрү:** **муниципалдык**
*(мамлекеттик, муниципалдык менчик, башка)*

1.6 **Билим берүү уюмунун статусу:** **жалпы билим бурүүчү орто мектеби**
*(толук эмес орто, орто мектеп, лицей, гимназия ж.б.)*

1.7. **ИНН: 02509200310528**

**Мектептин почтасы:** shamshidin.suyerkulov@bk.ru

**Мектептин сайты:** https://suerkulov-35.mektebim.kg/

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине
**Парпиев Илязбек Кубанычбековичтен**
*(окуу жайдын жетекчиси)*

**АРЫЗ**

**№35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби-мекемеси**
(билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн юридикалык жактын толук аталышы)

**Институционалдык** аккредитациядан өткөрүүнү суранат

Уюштуру–укуктук формасы: **Мекеме**

Менчик түрү: **Муниципалдык**

Юридикалык дареги:
**Ноокен району, №35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби-мекемеси**
(юридикалык жак катталган дарек көрсөтүлөт)

Жайгашкан жери:
**Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Ноокен району, Шайдан айыл аймагы, Жаңы-Арык айылы, Ш.Суеркулов көчөсү, №1**
(билим берүү ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн дарек көрсөтүлөт)

Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери: **02509200310528**

Юридикалык жакты каттоо (кайра каттоо) датасы: **10.10.2022-ж.**

Билим берүү уюмунун жетекчисинин телефон номери: **+996704 094 602**

Билим берүү уюмунун электрондук дареги (почтасы): shamshidin.suyerkulov@bk.ru

Тиркелет: **өзүн-өзү баалоо боюнча отчёт ___б**

2022-жылдын 5-ноябрь

М.П ________________ (кол тамгасы) И.К.Парпиев (аты-жөнү)

4

Кыргыз Республикасы
Жалал-Абад облусу
Ноокен райондук билим
берүү бөлүмү
№35 Ш.Сүйөркулов атындагы
жалпы билим берүүчү орто мектеби
721201, Ноокен району, Шайдан айылы,
Сүйөркулов көчөсү №1. тел: 0(779) 62-91-47
Электрондук адрес: ilyaz.parpiyev@inbox.ru
ИНН 02509200310528

Кыргызская Республика
Жалал-Абадская область
Ноокенской районной отдел
образования
средняя общеобразовательная школа
№35 имени Ш.Суйоркулова
721201, Ноокенский район, село Шайдан,
Улица Суйоркулова №1. тел: 0(779) 62-91-47
Электронный адрес: ilyaz.parpiyev@inbox.ru
ИНН 02509200310528

**Токтомдон көчүрмө №4**

**Ноокен районундагы №35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде 2022-жылдын 16-майындагы кезексиз педагогикалык кеңешме болуп өттү.**

Катышканы-29
Катышпаганы-0

**Күн тартибинде каралуучу маселелер**:

1. Билим берүү мекемелерин аккредитациядан КРнын ББ Мыйзамынын 40-беренесине ылайык аккредитациялоонун программалык жана институционалдык түрүн тандоо;
2. Өзүн-өзү баалоо жүргүзүү боюнча комиссиянын курамын түзүү жана бекитүү.

**Угулду:**

Биринчи маселе боюнча мектептин жетекчиси И.Парпиев аккредитациялоо жөнүндө кыскача түшүнүк берди. Мектеп аккредитациялоонун эки түрү менен өтүүгө мүмкүнчүлүгү бар.

1. Программалык аккредитация бул мектеп, мектеп катары балдарга берген билими талапка жооп береби же жокпу?
2. Анын 4 минималдык талабы бар.
   1-талап:
   Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу методикалык камсыздалышы;
   2-талап:
   Компетенттүү окутуунун ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо;
   3-талап:
   Кадрдык саясаттын натыйжалуулугу;
   4-талап:
   Материалдык техникалык база;
   Жогору талаптардын негизинде программалык аккредитациялоонун түрүн тандоону сунуштаймын.
   Ал эми аккредитациялоонун институционалдык аккредитация-бул мектеп, мектеп катары баардык жактан талапка жооп береби же жокпу?

Анын да 4 минималдык талабы бар. Алар төмөнкүлөр:
1-талап: Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты;
2-талап: Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү;
3-талап: Материалдык-техникалык база;
4-талап: Финансы ресурстарын башкаруу;
Жыйынтыктап айтканда аккредитациялоонун эки түрүн программалык жана институционалдык түрүн тандайбыз.

**Жарыш сөзгө:** Биринчи маселе боюнча мугалимдер Б.Мисирова, С.Оморбекова, А.Мамыратова, Р.Суеркуловдар өз ойлорун, сунуш пикирлерин айтып, чыгып сүйлөштү.

Экинчи маселе боюнча да, мектептин кесиптик уюмунун төрайымы Р.Ажиматова сөз сүйлөп, комиссиянын курамына мугалимдерден көрсөтүү сунушун айтты.

Жарыш сөзгө Ш.Камбарова чыгып, комиссиянын төрагалыгына мектеп директору И.Парпиев, төраганын орун басарлыгына В.Кушбакованы сунуштайм.

Кыргыз тили жана адабияты мугалими Б.Мисирова сөз сүйлөп, ал сөзүндө комиссиянын мүчөлөрүнө: М.Калилова, Р.Ажиматова, А.Бакирова, Ш.Камбарова, көрсөттү. Андан кийин А.Мамыратова, Жаңы-Арык айыл башчысы Б.Исаковду, ата-энелер комитетинин төрагасы У.Абдразаков, 10^А^классынын алдыңкы окуучусу Р.Абдувахаповду сунуш кылды.

Бардык сунуштар талкууланып, комиссиянын курамы жактырылып, тогуз адам түзүлдү.

**Жогорудагыларды угуп, талкуулап кеңешме төмөндөгүдөй**

**Т О К Т О М   К Ы Л А Т :**

1. Билим берүү уюму: программалык жана институционалдык аккредитациялоодон өткөрүлсүн.
2. Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссия курамына төмөнкүлөр бекитилсин:
   1. И.Парпиев -мектеп директору, комиссиянын төрагасы.
   2. В.Кушбакова -окуу бөлүмүнүн башчысы, төраганын орун басары.
   3. М.Калилова -тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары, мүчөсү.
   4. Б.Исаков – Жаңы-Арык айыл башчысы, мүчөсү.
   5. Р.Ажиматова - профком, мүчөсү
   6. У.Абдразаков - ата-энелер комитети, мүчөсү.
   7. Ш.Камбарова - математика мугалими, мүчөсү.
   8. А.Бакирова - кыргыз тили мугалим, катчы.
   9. Р.Абдувахапов -11-класс окуучусу, мүчөсү.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мектеп директору И.Парпиевге милдеттендирилсин.

Пед.кеңешме төрагасы И.Парпиев

Катчысы Г.Жапышова

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНДУК**
**БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**
**№35 Ш.СУЕРКУЛОВ АТЫНДАГЫ**
**ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО**
**МЕКТЕБИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКОЙ РАЙОННОЙ ОТДЕЛ**
**ОБРАЗОВАНИЯ**
**ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ**
**СРЕДНЯЯ ШКОЛА №35 ИМ.**
**СУЕРКУЛОВА**

Буйрук №143/1

Жаңы-Арык айылы 16.05. 2022-жыл

**№35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин институционалдык жана программалык аккредитациядан өткөрүүдө өзүн өзү баалоо комиссиясынын курамын бекитүү жөнүндө**

№35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин программалык жана институционалдык аккредитациядан өткөрүү боюнча иш чаралар жөнүндө КРнын өкмөтүнүн "Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо жөнүндө" 2020-жылдын 30-мартындагы №189 токтомунун 2-пункту, Билим берүү жана Илим министрлигинин 2020-жылдын 29-октябрындагы №905/1 буйругуна, мектептин педагогикалык кеңешинин 2022-жылдын 16-майындагы №4 токтомунун негизинде

**Б У Й Р У К К Ы Л А М Ы Н:**

1. КРнын Билим берүү жана Илим министрлигинин 2020-жылдын 29-октябрындагы №905/1 буйругу аткарууга алынсын.
2. КРнын өкмөтүнүн "Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым мисалдар жөнүндө" 2020-жылдын 30-мартындагы №189 токтому менен бекитилген укук ченемдик актыларды ишке ашыруу максатында, токтомдун 2-пунктуна ылайык иш алып барылсын.
3. №35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде билим берүү уюмдарына коюлуучу талаптарга ылайык өзүн өзү баалоо комиссиясы төмөнкүдөй курамда түзүлсүн.

   1. И.Парпиев -мектеп директору, комиссиянын төрагасы.
   2. В.Кушбакова -окуу бөлүмүнүн башчысы, төраганын орун басары.
   3. М.Калилова -тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары, мүчөсү.
   4. Б.Исаков – Жаңы-Арык айыл башчысы, мүчөсү.
   5. Р.Ажиматова - профком, мүчөсү
   6. У.Абдразаков - ата-энелер комитети, мүчөсү.
   7. Ш.Камбарова - математика мугалими, мүчөсү.
   8. А.Бакирова - кыргыз тили мугалим, катчы.
   9. Р.Абдувахапов -11-класс окуучусу, мүчөсү.

4. Комиссиянын курамына билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарга ылайык мектептин ишмердүүлүгүн баалап чыгуу жана портфолиосун түзүү милдеттендирилсин.
5. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Негизи: министерствонун буйругу.

Мектеп директору ____________ И.К.Парпиев

## Мектептин тарыхы

- Бул мектеп 1986-жылы курулуп, Суеркулов атындагы орто мектеби 192 орунга ылайыкташтырылып пайдаланууга берилген.
- Ошол мезгилде мектепти Эргешов Ырысбек 1986-1998-жылга чейин жетектеп келген.
- 1998-1999-жылдар аралыгында Уметов Кадырбек жетектеген.
- 2000-2003-жылдары Жылкычиева Дилбар жетектеген.
- 2003-2006-жылдары Сулайманов Абдыкапар жетектеген.
- 2006-2014-жылдары Садыкова Максуда жетектеген.
- 2014-2021-жылдары Уметов Улан Мамашович жетектеген.
- 2021-жылдан бери Парпиев Илязбек Кубанычбекович жетектеп келе жатат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

**Жалал-Абад облусунун юстиция башкармалыгы**

каттоочу органдын аталышы

ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТЫ МАМЛЕКЕТТИК
КАЙРА КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

# КҮБӨЛҮК

**121891 - 3303-М-е**
каттоо номери

**22454569**
ИУЖК коду

**02509200310528**
идентификациялык салык номуру

**Жалал-Абад**
шаары

2022-ж. 10-октябры

**Юридикалык жактын фирмалык аталышы**

№35 Шамшидин Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби-мекемеси

**Уюштуруучулук-укуктук формасы**
Мекеме

**Жайгашкан жери (дареги)** Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Ноокен району, Жаңы-Арык айылы, Ш.Суеркулов көч., №1

**Алгачкы мамлекеттик каттоо датасы**:25.09.2003

сериясы ГПЮ

№ 0051996

**Начальник**
жетекчиси

**Б.Жайлообаев**
аты, фамилиясы

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

# СЕРТИФИКАТ

№ СС190003209

БУЛ СЕРТИФИКАТ

*№35 Шамшидин Суеркулов атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби*

ТИРКЕМЕДЕ КӨРСӨТҮЛГӨН ПРОГРАММА (ПРОГРАММАЛАР) БОЮНЧА АККРЕДИТАЦИЯДАН ӨТКӨНДҮГҮН ТАСТЫКТАЙТ.

Юридикалык дареги: *Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Ноокен району, Шайдан айылы.*

Жайгашкан жери: *Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Ноокен району, Шайдан айылы.*

Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери: *02509200310528*

Сертификаттын мөөнөтү: *23.05.2023-ж.*

Негизи: *Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 23-майындагы, №622/1 буйругу*

Сертификат тиркемесиз жараксыз.

**Министр** Г.К. Кудайбердиева

Аныктыгын текшерүү: www.shrift.kg

Каттоо номери 2018/1054

Берилген жылы: 2019

*Бишкек шаары*

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# СЕРТИФИКАТ

№ СС190003209

НАСТОЯЩИЙ СЕРТИФИКАТ ПОДТВЕРЖДАЕТ, ЧТО

*Средняя общеобразовательная школа №35 имени Шамшидина Суеркулова*

ПРОШЕЛ (ПРОШЛА) АККРЕДИТАЦИЮ ПО ПРОГРАММЕ (ПРОГРАММАМ), УКАЗАННЫМ В ПРИЛОЖЕНИИ.

Юридический адрес: *Кыргызская Республика, Жалал-Абадская область, Ноокенский район, с.Шайдан*

Местонахождение: *Кыргызская Республика, Жалал-Абадская область, Ноокенский район, с.Шайдан*

Идентификационный номер налогоплательщика: *02509200310528*

Срок действия сертификата: *23.05.2023 г.*

Основание: *Приказ Министерства образования и науки Кыргызской Республики №622/1 от 23-мая 2019 г.*

Сертификат без приложения недействителен

**Министр** Г.К. Кудайбердиева

Проверка подлинности: www.shrift.kg

Регистрационный номер 2018/1054

Год выдачи: 2019

*город Бишкек*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**№ СС190003209 СЕРТИФИКАТЫНА №1 ТИРКЕМЕ**

*№35 Шамшидин Суеркулов атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби*

| № | Программанын аталышы |
|---|---|
| 1 | негизги жалпы билим берүү |
| 2 | орто жалпы билим берүү |

**Негизи:** *Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 23-майындагы, №622/1 буйругу*

Тиркеме сертификатсыз жараксыз

**МИНИСТР** **Г.К. Кудайбердиева**

Аныктыгын текшерүү: www.shrift.kg

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ПРИЛОЖЕНИЕ №1 К СЕРТИФИКАТУ № СС190003209**

*Средняя общеобразовательная школа №35 имени Шамшидина Суеркулова*

| № | Название программы |
|---|---|
| 1 | основное общее образование |
| 2 | среднее общее образование |

**Основание:** *Приказ Министерства образования и науки Кыргызской Республики №622/1 от 23-мая 2019 г.*

Приложение без сертификата недействительно

**МИНИСТР** **Г.К. Кудайбердиева**

Проверка подлинности: www.shrift.kg

## Билим берүү уюмунун миссиясы:

Мектепти өнүктүрүүдө жалпы ата-энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта болуп, материалдык техникалык базасын чыңдоо жана жаш муундарды тарбиялоо менен заман талабына ылайык билим берүүгө жетишүү. Улуттук идеологияны сактоого, Ата Мекенди сүйүүгө, улуттар аралык биримдикти баалаган, интеллектуалы жогору келечек ээлерин өстүрүү.

## ИСУО боюнча маалымат

ИСУО-билим берүү уюмдарынын базасы 2019-2020-окуу жылынан баштап мектептерге киргизилди. Базага мектеп жөнүндө маалымат, дареги, Google картадагы жайгашкан жери, смендүүлүгү, мектептин жалпы аянты камтылды.

Базага мектеп админстрациясы, мугалимдер жамааты, тех.кызматкерлер, жалпы мектеп окуучуларынын өздүгүн тастыктаган документтери, күбөлүктөрү, дипломдору, эмгек китепчелери киргизилди. Окуу программалары, предметтер, каржы булактары, түшүүлөр, чыгымдар, китеп боюнча маалыматтар, окутуу максатында колдонулган техникалык каражаттар, суу, санитария, гигиена, интернет түйүнү боюнча маалыматтар базага түшүрүлдү.

Окуучулардын саны, классы, окуган предметтери, окуткан мугалимдери, билим сапаттары, олимпиаданын жыйынтыктары, ЖРТнын орточо баллдары, чейрек сайын окуучулардын келүү кетүүсү, катышуу жетишүүсү, билим сапатынын пайызы жазылып турат.

**Программалык аккредитациялоо учурунда ички баалоонун натыйжалары боюнча КОРУТУНДУ**

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлигинин 2022-жылдын 16-августундагы №1591/1 буйругунун негизинде эксперттик комиссия 2022-жылдын 16-майынан баштап 2022-жылдын 16-июлга чейин, 2022-жылдын 30-августунан 2022-жылдын 30-сентябрына чейин №35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин ишке ашырылуучу төмөнкү билим берүү программаларынын: орто жалпы ички баалоосун жүргүздү.**

## 1. Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

| № | Өзүн–өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн–өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| **1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ** | | | |
| 1.1 | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | 1.Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт.<br>2.Базистик окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августундагы №1529/1 буйругунун негизинде бекитилген.<br>3.Окуу планы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августундагы №1529/1 буйругу менен бекитилген.<br>4.Шайдан айыл аймагына караштуу №35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2022-жыл 5-сентябрга карата штаттык бирдиги түзүлгөн.<br>5.Мугалимдердин окуу жүктөмүнө жараша тарификация жүргүзүлгөн.<br>6.Программалар, окуу китептери, текшерүүчү дидактикалык материалдар, усулдук адабияттар, тематикалык иш чаралар окуу планына, билим берүүнүн мазмунунун милдетүү минимумуна, окутуунун сапатынын жыйынтыгына, окуучулардын өнүгүүсүнүн деңгээлине жана психологиясына дал келет. | Тиркемелер:<br>1.Базистик окуу планы<br>2.Окуу планы<br>3.Тарификация (мугалимдер)<br>4.Пед.кеңешменин токтому |
| 1.2 | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын | 1.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому Бишкек шаары, 21-июль 2014-жыл № 403 буйругунун Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын негизинде календардык-тематикалык пландары түзүлгөн. | Тиркемелер:<br><br>1.Билим берүү стандарты. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | 2.Мугалимдер мамлекеттик стандарттын негизинде күндөлүк пландарды жазышат.<br>3.Заманбап техникалык каражаттарды пайдалануу менен сабактарды кызыктуу, сапаттуу өтүшөт.<br>Мектепте методикалык усулдук күн, педагогикалык окуулар өтүлөт.<br>4. Ар бир мугалим өздөрүнүн билим өркүндөтү максатында кошумча семинарларга катышып турат. | 2.Календардык план<br>3.Күндөлүк план |
| 1.3 | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу – методикалык адабияттардын фонду) болушу | 1.Мектепте окуучулар 80,75% окуу китеби менен камсыз болгон.<br>2.Китепкана, архив бар.<br>3.USAID фонд тарабынан “Керемет окуу” долбоору боюнча башталгыч класс мугалимдери жана окуучулары үчүн адабий китептери келген.<br>4.Окуу китептери китепканачы тарабынан жетишпеген жана жараксыз китептер боюнча отчёттор өз убагында райондук билим берүү бөлүмүнө берилип турат. | Тиркемелер:<br>1.Д-10отчету<br>2.Сүрөттөр<br>3.Китепкана боюнча маалымат. |
| 1.4 | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы | 1.Окуучуларга жетишпеген китептер ата-энелер жана демөөрчүлөр тарабынан алынып берилет.<br>2.Ата-энелер менен окуучуларды китеп окууга кызыктыруу максатында көптөгөн иш чаралар өткөрүлүп турат.<br>3.Окуу китептеринин жакшы колдонулушу үчүн ай сайын мектеп администрациясы тарабынан текшерилип турат.<br>4. Мындан сырткары мектепте ата-энелер менен окуучуларды китеп окууга кызыктыруу максатында ар кандай иш чараларды өткөрүп келгенбиз. “Азиянын арстандары”, “Капаланба”, “Эмне үчүн китеп окушубуз керек” китептеринен конкурстарды өткөрүп келгенбиз. 28.10.2022-жылы “Бир адамдан бир китеп” долборунун негизинде Нуржигит Кадырбековдун катышуусунда чоң иш чара өткөрдүк. Анын негизинде мектепке 180 китеп чогулду. | Тиркемелер:<br><br>1.Этика комиссиясынын жобосу.<br>2.Окуучунун милдети жана укугу (устав).<br>3.Ата-энелер менен келишимдер. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | механизминин болушу | | |
| | Күчтүү жактар: | Окуу планын жана программалардын билим берүү стандарттарына ылайык, базистик окуу пландарынын талаптарынын негизинде окуу процесси жүргүзүлөт.<br>Окуу методиклык камсыздоолор билим берүү стандарттарына ылайык тандалууда жана ар бир предмет боюнча колдонулууда.<br>Окуучулардын контингентине окутуу тилине жараша жетиштүү маалыматтык ресурстар, окуу–методикалык адабияттардын фонду уюштурулууда.<br>Билим берүү программасынын окуу методикалык камсыздоонун мазмунун жакшырышы, кызыктар тараптардын күтүүлөрүн керектөөлөрүн жана канаттануусун мезгилдүү баалоонун, малыматтык коопсуздукту камсыздоо ишке ашырылууда. | |
| | Алсыз жактар: | 1.Материалдык техникалык базаны жаңылап, толуктоо үчүн каражат жетишсиз.<br>2.Ата-энелердин баласынын билим алуудагы жетишкендиктерине жоопкерчиликтеринин аздыгы.<br>Окуу планынын көлөмү көп жана билим берүү стандартына, билим берүүнүн базистик окуу планынын талаптарына жооп берерлик билим берүү уюмунда шарттар мыкты уюштурулган эмес. | |
| | Сунуштар | 1.Окуу пландары жана программалары бүгүнкү талапка өнүккөн технологиянын заманына ылайык түзүлсө, окуу китептери менен дал келсе.<br>2.Окуу-методикалык куралдар да азыркы билим берүү стандартына ылайык чыгарылса.<br>3.Окуучулардын контингентине ылайык жетиштүү-маалыматтык ресурстар, айрыкча орус тили жана башка предметтерден көп чыгарылса.<br>Мезгилдүү баалоо маалыматтык коопсуздукту камсыздоо кызыкдар тараптын канааттануусун реалдуу чечсе. | |
| | **2. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО** | | |
| 2.1 | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу | 1. Мектеп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги иштеп чыккан билим берүү программаларынын алкагында иш алып барат.<br>2. Усулдук бирикмелердин башчылары жана курамы №35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин №1 Педагогикалык кеңешмеде каралып, 2022-жылдын 30-августундагы №148/1 буйругу менен бекитилген.<br>3. Класстан тышкаркы иштер боюнча иш пландары түзүлүп, ошонун негизинде иш алып барылат. | Тиркемелер:<br>1.Методикалык кеңештин жана методикалык бирикмелердин иш пландары<br>2.Класстан тышкаркы иштердин иш пландары |
| 2.2 | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду | 1.Мектептин миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык аныкталган билим берүү максаттары иштелип чыккан.<br>2.Мугалимдер менен усулдук иш алып баруунун, мугалимдер тарабынан инновациялык технологияларды жана ыкмаларды | Тиркемелер:<br>1.УББнын жана бирикмелердин жылдык иш пландары.<br>2.Кружоктордун пландары<br>3.Сертификат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | колдонуу | Колдонуу менен сабактар өтүлөт.<br>3.Мугалимдердин 80% компьютердик курстан өтүп, сертификатка ээ болушту.<br>4.Мектепте предметтер боюнча ар түрдүү кружоктор уюштурулган.<br>5.Окуучулардын билим сапатынын мониторинги чейрек сайын жүргүзүлүп турат.<br>6.Олимпиаданын жобосу, иш планы, даярдоо графиги түзүлүп, ошонун негизинде иш жүргүзүлөт.<br>7.ЖРТнын жобосу, иш планы, даярдоо графиги түзүлүп иш алып барылат.<br>8.Курагына, жынысына, этностук, диндик белгилерине, жашаган жерине, акыл эс жана дене бой өнүгүүсүнө,<br>Социалдык экономикалык статусуна ж.б. карабастан, сапаттуу негизги, жалпы жана жалпы орто билим алууга мүмкүнчүлүк берилет. | 4.Олимпиаданын жобосу, иш планы графиги<br>5.ЖРТнын жобосу, иш планы графиги |
| 2.3 | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу | 1.Педагогикалык окутуу методдорун баалоо жана корректировкалоо максатында мектеп администрациясы ачык сабактарга катышып, ар бир сабакка тиешелүү анализдер берилет.<br>2.Окуучулардан кайтарым байланыш алуу боюнча текшерүү иштери, жат жазуу жана тесттер алынып турат.<br>3.Баалоонун диагностикалык, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу түрлөрү менен бааланат. | Тиркемелер:<br>1.Кыргыз тили<br>2.География<br>3.Биология сабактарынан тесттер. |
| 2.4 | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу | 1.Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо үчүн процедуралар жана куралдар, ченемдер жана баалоо критерийлери бекитилген жана колдонулат.<br>2.Салттуу жазуу жана оозеки иштер менен катар долбоорлорду, практикалык жана изилдөөчүлүк иштерди баалоо, өз ара баалоо жана өзүн-өзү баалоо сыяктуу баалоонун ыкмалары колдонулат.<br>3.Предметтер жана класстар боюнча жетишкендиктерди туруктуу мониторингдөө жана баалоо жүргүзүлөт, жыйынтыктарды жана натыйжаларды жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралардын талдоосу берилген.<br>4.Бүтүрүүчү класстардан эң алдынкы окуучуларга артыкчылык күбөлүк берилет.<br>Ар жыл окуучулардын, ата-энелердин, мугалимдердин мектептин ишмердүүлүгүнө канааттануусун изилдөө максатында социалдык | Тиркемелер:<br>1.Баалоонун нормативдери<br>2.Предметтердин мониторинги<br>3.Класстардын мониторинги<br>4.Артыкчылык күбөлүк алган окуучулардын мониторинги. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | сурамжылоо өткөрүлөт. | |
| 2.5 | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | 1.Мектепте окуу процессине, класстан тышкаркы иштерге, кароо-сынактарга, спорттук мелдештерге дайыма мониторинг жана мезгил-мезгили менен баалоо жүргүзүлүп турат.<br>2.Мектеп жетекчилиги жана мугалимдер арасында мониторинг жана мезгил-мезгили менен баалоо жүргүзүү үчүн тиешелүү жоболор иштелип чыгып, жооптуу кызматкерлердин арасында функционалдык милдеттерде көрсөтүлгөн. | Тиркемелер:<br><br>1.Мониторинг |
| 2.6 | Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу | 1.Мектептин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча №35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин жылдык иш планы иштелип чыккан.<br>2.Коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу иш-планы ата-энелердин чогулушунда бекитилген.<br>3.Мектепте антитеррордук паспорт уюштурулган.<br>4.Окуучулардын коопсуздугун алдын алуу боюнча жобо иштелип чыккан.<br>5.Өрт коопсуздугу боюнча иш план иштелип чыккан.<br>6.Персоналдардын коопсуздугу боюнча инструкция иштелип чыгып, тааныштырылып, кол койдурулган.<br>7.Окуучулардын ден-соолугу дарыгерлердин кароосунан өткөрүлөт жана оорулуу балдардын ата-энелери менен байланышып, дарылануусу жөнүндө сунуштар берилет. | Тиркемелер:<br>1.Коопсуздук планы жана эрежелери.<br>2.Өрткө каршы иш план.<br>3.Эмгекти жана коопсуздукту коргоо иш планы.<br>4.Ден-соолук барагы |
| 2.7 | Ички жана тышкы баалоонун, системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы | 1.Акыркы 5 жылдын ичинде жүргүзүлгөн маалыматтардын мониторинги жана билим сапатын жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралардын талдоосу берилген.<br>2. Төмөнкү натыйжалар боюнча акыркы жылдын ичиндеги динамиканын талдоосу берилди:<br>- ЖМА (9 жана11-класстар)<br>- Мектеп ичиндеги мониторинг<br>- ЖРТ (катышуучулардын санын, негизги тесттин орточо баллын) | Тиркемелер:<br>1.Беш жылдык билим сапаттын мониторинги.<br>2.ЖМАнын маалыматы мониторинг<br>3.ЖРТ боюнча мониторинг |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.8 | Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | Жамааттык келишимдер №35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин жетекчилиги менен кесиптик уюмдун ортосунда эмгек келишими 2022-жылдын 1-сентябрынан 2023-жылдын 1-июнуна чейин түзүлгөн.<br>2. Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча мектеп, окуучу, ата-эненин ортосунда келишим түзүлгөн.<br>3.Ата-энелер комитеттеринин 2022-2023 –окуу жылы боюнча иш планы түзүлүп, иш алып барылат.<br>4. Ата-энелер комитетинин жобосу түзүлгөн.<br>5. Пед кеңешинин,УБнын жобосу иштелген.<br>Кызыкдар тараптардын арыздарын каттоо менен алардын мүдөөлөрүн канааттандыруу. | Тиркемелер:<br>1.Келишимдер<br>2.Ата-энелер комитетинин иш планы.<br>3.Жоболор.<br>4.Окуучулардын портфолиосу. |
| | Күчтүү жактар: | 1. Окутуу максатына ылайык пландаштырылган.<br>2. Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологиялар жана усулдар колдонулуп жатат.<br>3. Окутууну баалоонун түрлөрү боюнча баалашууда (Формативдик жана сумммативдик)<br>4. Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди мониторинг аркылуу баалоонун жыйынтыгы чыгарылат.<br>5. Окуучуларга баалоонун төмөнкүдөй эрежелери жол-жоболору жыйынтыктары чейректин баалар, тесттер, текшерүү жазуу иштери аркылуу кайра кароодо мониторинг салыштырылат.<br>6. Жаш өзгөчөлүктрүн эске алуу, ыңгайлуу шарттарды түзүү, санитардык гигиеналык абалды жакшыртуу, чашке чай менен камсыз кылынган.<br>7. Окуучулардын олимпиадаларга катышуусу, ЖРТдан улуттук тестирлөөлөрдүн жыйынытыктарынын натыйжасын мониторинг жасоо. | |
| | Алсыз жактар: | 1.Окутуу процессинде инновациалык технологиялар жетишпейт.<br>2.Азыркы күндө коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн түзүү маселеси биринчи орунда мектеп рекетчилигин жоюу мигранттын балдарынын психологиясы оор бойдон калууда. | |
| | Сунуштар: | 1. Окутуунун, окутуу-тарбиялоо процессинде жаңы технологияларды, усулдарды конкреттүү иштеп чыгып жер-жерлерде курстар аркылуу жаш мугалимдерге терең үйрөтүү керек.<br>2.Окутууну баалоодо, корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин усулдарын үйрөнүү боюнча усулдук колдонмо керек.<br>3. Окуучуларды баалоодо башка эрежелерди колдонууну ачык айкын көрсөтүү зарыл.<br>4. Ыңгайлуу, ден соолук үчүн коопсуз тажатма эмес окуу процесстерин уюштуруу керек.<br>5. Системалуу мониторинг жүргүзүүдө өнүктүрүүчү, өсүүчү динамиканын болушун талап кылуу зарыл. | |
| | **3. КАДРДЫК САЯСАТТЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ** | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.1 | Педагогикалык персоналдын Квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Мектептин штаттык бирдиги 2022-жылдын сентябрында райондук билим берүү бөлүмү тарабынан бекитилген.<br>Штаттык бирдик боюнча мектеп директору 1 ставка, окуу бөлүм башчысы 0,75 ставка, организатор завуч 0,5 ставка, соц.педагог 0,5 ставка, завхоз 1 ставка, ашкана кызматчысы 0,75 ставка, кароол 1,5 ставка, китепканачы 1 ставка , техникалык тейлөө кызматкерлери 1,5 ставка, лаборант 0,25 ставка боюнча штаттар берилген. Штаттык бирдик боюнча жумушчулар толук.<br>2.Мектеп мугалимдеринин эмгек стаждары төмөнкүчө:<br>1-3 жылга чейинки - 5<br>5-10 жылга чейинки - 5<br>11-20 жылга чейинки -12<br>20 жылдан жогору - 7<br>Ар бир мугалим өзүнүн адистиги боюнча сабак берет. | Тиркемелер:<br>1.Штат бирдиги (администрация, техникалык кызматкерлер)<br>2.Тарификация (администрация, техникалык кызматкерлер)<br>3.Мугалимдердин кыймылы. РИК-83 |
| 3.2 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Мектеп администрациясы балдарды окутууда физикалык жана коопсуз чөйрөнү түзгөн.<br>1.Мектептин коридорунда жана окуу кабинеттеринде 9 жерде видео көзөмөл орнотулган.<br>2.Эвакуация планы түзүлгөн.<br>3.Коридорлордо, китепканада, архивде өрт өчүрүүчү шаймандар бар.<br>4.Окуучулар менен ай сайын  өрт коопсуздугу боюнча машыгуулар өткөрүлүп турулат.<br>5.Антитеррордук паспорт түзүлгөн.<br>6.Эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугу боюнча инструктаж түзүлгөн.<br>Соц.педагогдун иш планы жана иш чаралары бекитилген. | Тиркемелер:<br>1.Сүрөттөр<br>2.Антитеррордук паспорт.<br>3.Инструктаж китепчеси.<br>4.Соц.педагогдун иш планы. |
| 3.3 | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо | 1.Зыяндуу шартты изилдөө боюнча комиссиянын курамы боюнча 02.02.2022 №128/1 буйрук.<br>2.Ата-энелердин билим берүү процессине катышуусу жана баалоосу.<br>3.Административдик баалоо (өз ара сабакка катышуу)<br>4.Ички көзөмөл уюштурулган.<br>5. Жыл сайын педагогдор өз билимин жогорулатуучу курстардан өтүп турушат.<br>6. Жыл жыйынтыгында көрсөткүчтөргө жараша мугалимдерге мектеп | Тиркемелер:<br>1.Зыяндуулук<br>2.Ата-энелердин баалоосу<br>3.Административдик баалоо. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | системасынын болушу | тарабынан грамота, сыйлыктар каралып келет. | |
| | Күчтүү жактар | 1. Мугалимдердин негизги бөлүгү тажрыйбалуу жана жогорку билимдүү, өз ишин мыкты билген, чеберчилик, изденүү менен иштеген эмгек жамааты топтолгон.<br>2. Областык, райондук билим берүү тарабынан өткөрүлгөн семинар, окуу-тренингдерге мугалимдер баймабай катышышат.<br>3. 2018-2023-жылы мугалимдер өз билимин жогорулатуу курсттан өтүшкөн.<br>4. Маалыматтык техникалык каражаттар менен мугалимдердин баары колдоно алышат.<br>5. Мугалимдердин арасында жаңы стандарт боюнча тренерлердин бардыгы.<br>6. Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүдө тынымсыз иштөөсү.<br>7. Семинарларга катышуу менен ар кандай усулдар менен сабак берүүсү.<br>8. Физикалык коопсуздук боюнча. Мектепте балдардын окуусуна бардык шарттар түзүлгөн. Класс жарыктандырылган, таза, желдетип турат. | |
| | Алсыз жагы: | 1. Айрым учурда акча каражатынын жетишсиздиги.<br>2. Ата-энелердин жоопкерчилигинин аздыгы.<br>3. Айрым педагогдордун МТКрын өз деңгээлинде өздөштүрбөгөндүгү. | |
| | Сунуштар: | 1. Бүгүнкү күндө педагогдордун билими, өз билимин өркүндөтүүсү, билим берүү программасына шайкеш келбей жатат. Сапаттуу кадр даярдалса. Курстарга окутуу да ыңгайлуу шарттар түзүлсө.<br>2. Мектепте бардык билим берүү процессинин катышуучулары үчүн коопсуз, өз ара мамилени баалоо,анын жыйынтыгы боюнча чечим кабыл алууну уюштуруучу активдүү уюм болуу зарыл.<br>3. Пед кадрлардын кесибин өнүктүрүүдө, квалификациясын жогорулатууда ыңгайлуу шарттар түзүлсө, жер-жерлерде курстар уюшулса. Сырттан окугандардын контрагы жок болсо, сапаттуу билим алса.<br>4. Мектеп жашындагы окуучуларды педагогикалык кесипке кызыктырып стимул боло турган шарттар иштелип чыкса.<br>5. Мугалимдерге коммуналдык чыгымдар төлөнүп берилсе. | |
| | **4. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА** | | |
| 4.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу | -Окуу каанасы- 9 кабинет<br>-Административдик кааналар- 2 кабинет<br>-Физикалык, химиялык, биологиялык лабораторлук бөлмө- жок<br>-2 даана проектор<br>-Спорт зал-бар<br>-Спорттук аянтча-бар<br>-1 даана телевизор бар<br>-Парта 100, отургуч 200 даана<br>-Ысык суу-бар<br>-Кол жуучу раковиналар 3 даана | Тиркемелер:<br>1.Ашкана боюнча жобо<br>2.Энергетикалык паспорт<br>3.Кабинет боюнча сүрөттөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | имараттарынын жана материалдык Ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спортзал) болушу | -Ашкана-бар<br>-Азыктарды сактоочу кампа - жок<br>-Видео көзөмөл 9 даана<br>-Ажаткана-бар 10 уялуу (сыртта)<br>-Окуу кабинеттери-бардык предметтер боюнча жетишпейт<br>-Жылытуу системасы көмүр менен<br>-Актовый зал-жок<br>-Китепкана-бар<br>-Архив-бар<br>Ар бир окуу кабинеттери талапка жооп берет. Кабинеттердин пландары жана паспорттору түзүлгөн. | |
| 4.2 | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо боюнча:<br>1. Эмгекти жана коопсуздукту коргоонун иш планы түзүлгөн.<br>2. Мектеп ичинде коопсуздукту сактоо боюнча журнал жана бурч уюштурулган.<br>3. Өрткө каршы бардык каражаттар (суу сактагыч, өрт өчүргүч щиттер, өрт өчүргүү балондор ж.б.) менен камсыздалган.<br>4. 9 видео байкоо камералары.<br>5. Мектептин сыртында 3 кол жуучу рокавина бар.<br>6. Ашканада окуучулардын кол жуусу үчүн ысык суу уюштурулуп , 2 умывальник орнотулган жана кол жуучу каражаттар, салфеткалар, суюк самындар менен камсыздалган.<br>7. Мектепте чашке чай уюштурулган, ашканада окуучуларды туура тамактануусу үчүн атайын тамактардын менюсу түзүлгөн.<br>8. Эвакуация пландары түзүлгөн.<br>Ар бир кабинетте жашылдандыруу боюнча гүлдөр жогорку деңгээлде уюштурулган. | Тиркемелер:<br><br>1.Иш план<br>2.Сүрөттөр (коопсуздук боюнча, видео камера, ашкана, кол жуучу жай, кабинеттеги гүлдөр) |
| 4.3 | Материалдык техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо, пландоо механизминин болушу | Педагогикалык курамга, окуучуларга окутуунун күтүлгөн натыйжасына жетишүүсү үчүн жеткиликтүү болгон материалдык ресурстар:<br>1.Материалдык-техникалык базанын чыңдалышы боюнча план түзүлүп, жобо иштелип чыккан. Мектеп тех.каражаттар менен 30% камсыздалган. Айыл өкмөт тарабынан мектепке 105 756 сомдук стол стулдар алынып берилди. "ОсОО Грин Лайт" тарабынан китеп канага компьютер алынып берилди.<br>1. Китепкана фонду<br>2. Шайдан айыл өкмөтүнүн салымы | Тиркемелер:<br>1.План<br>2.Жобо<br>3.Китеп фонду<br>4.Сүрөттөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 3. Мектептин бүтүрүүчүлөрдүн салымы<br>4. Ата-энелердин салымы<br>5. Демөөрчүлөрдүн салымы. | |
| | Күчтүү жактар | Материалдык-техникалык базасынын чыңдалышы.<br>1.Заманбап технологиялардын жардамы менен сабак өтө алышы.<br>2.Окуучулар үчүн чашке чай уюштурулган.<br>3.Коопсуздукту камсыздоо үчүн 9 жерде видео көзөмөл уюштурулган.<br>4.Окуу кабинеттери толук талапка жооп берет.<br>5.Экологиялык санитардык гигиеналык эрежелер сакталып, кол жуучу жайлар уюштурулуп, ысык суу чыгарылган.<br>6.Коопсуздукка каршы бардык шарттар каралган, эвакуациялык пландар түзүлгөн.<br>7.Мектептин ичиндеги электр проводдор толугу менен капиталдык ремонттон өткөрүлдү. | |
| | Алсыз жагы: | 1.Мектеп китепкаанасы капиталдык ремонтко муктаж.<br>2.Мектептин шкафтары эскилиги жеткен, алмаштырууга муктаж.<br>3.Лабораториялар заманбап көргөзмө куралдар, реактивдер, жабдуулар менен камсыздалган эмес.<br>4. Жылытуу системасы толугу менен көмүр менен камсыздалат.<br>5. Экологиялык бак дарактарды көбөйтүү, жашылдандырууда суу тартыш.<br>6. 192 орундуу мектепте азыркы мезгилде 367 окуучу билим алып жаткандыгына байланыштуу, окуу кааналары жетишпейт. Мугалимдер үчүн усулдук каана, кошумча кааналар жок. Шарт жоктугуна байланыштуу ЖРТга, олимпиадаларга даярдоодо өтө кыйынчылыктар болот. Чектелүү гана кружоктор өтүлүүдө.<br>7.Мектепте кошумча кааналары жетишпегендигинен мугалимдердин усулдук каана коридордо жайгаштырылган. | |
| | Сунуштар: | 1.Материалдык базаны чыңдоого лаборатордук жабдуулар, технологиялык каражаттар менен камсыздалса.<br>2.Мугалимдерге коммуналдык чыгымдар төлөнүп берилсе.<br>3.Айыл өкмөттүн бюджетинен мектептерге канцелярдык жана чарба иштерине финансы бөлүнсө.<br>4.Окуу усулдук ишмердүүлүктү өркүндөтүүдө ар бир предметти окутууда кошумча усулдук адабияттар колдонмолор чыгарылса. | |

## Корутунду

Мектептин өзүн өзү баалоо комиссиясы №35 Ш.Суеркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин окуу усулдук ишмердигин, материалдык-техникалык базасын, кадырдык потенциалын, окуучулардын сабакка катышуусун жана билим сапатын комплекстүү анализдеп чыгып, жыйынтыгын канаттандыраарлык деп тапты.Таланттуу балдар менен үзгүлтүксүз иш алып баруу, окуучуларды ЖРТга, предметтик олимпиадаларга жана "Алтын тамга" аттестатына ылайык окутуп тарбиялоодо жөндөмдүү окуучулар менен кыргыз тили жана адабияты, география, биология сабактары боюнча жогорку деңгээлде иш алып баруу жагы мугалимдер жамаатына сунушталды.

Жүргүзүлгөн өзүн-өзүн баалоонун негизинде комиссиясынын чечимин угуп, пед.кеңешме талкуулап , чечим чыгарып , мектепти институционалдык аккредитациядан өтүү үчүн документтерди жиберүүнү сунуштайт.

1. Парпиев И.К. - мектептин директору, комиссиянын төрагасы ________
2. Кушбакова В. - окуу бөлүмүнүн башчысы,төраганын орун басары ________
3.Калилова М. - тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары, мүчөсү ________
4. Исаков Б. – Жаңы-Арык айылынын айыл башчысы, мүчөсү ________
5. Абдразаков У. - ата-энелер комитетинин төрагасы ________
6. Ажиматова Р. - профком, мүчөсү ________
7. Бакирова А. - кыргыз тили жана адабияты мугалими, катчы ________
8. Камбарова Ш. - математика мугалими, мүчөсү ________
9. Абдувахапов Р. - 11-класс окуучусу, мүчөсү ________

35